Азада Бегимкулова

# МЭЭРИМИМ АДАМДАРГА



2010-

АЗАДА БЕГИМКУЛОВА

# МЭЭРИМИМ АДАМДАРГА

(ырлар, термелер).

Жалал-Абадская
областная библиотека
ИНВ. № 43379

КЫРГЫЗ ЖАЗУУЧУЛАР
СОЮЗУНУН «ТҮШТҮК» КИТЕП
БОРБОРУ.

Ош шаары. 1992-жыл.

**МЭЭРИМИМ АДАМДАРГА**

**(Ырлар, термелер)**

Редактору Алмаз НУРДИНОВ.
Корректорлору Замира УРАИМОВА,
Мамадиросул ЖОЛДОШЕВ.
Техникалык редактору Касым ИСАКОВ.

---

Терүүгө 9.96. берилип, басууга 9.07 1992-жылы кол коюлду. Баасы базар нар кында, буйрутма № 3135, басма табак 1,4 нускасы 30. 000. Ош шаары. Курманжан датка көчөсү № 209.

## БАШ СӨЗ.

Жазуучу, СССР жазуучулар кошунунун мүчөсү Азада Бегимкулова кара сөз менен жазылган үч китептин автору. Атап кетсек; «Мүдөө» (1976-жыл). «Алаканда аткан таң»;. «Каяша» (1990-жыл). Ал эми окурмандарга сунуш кылып жаткан бул ырлар жыйнак «Мээримим адамдарга» деп аталат.

Адатта чыгармачыл таланттар үчүн адегенде поэзиядан баштап, андан кара сөзгө өтүү салт болуп калса, Азада эже анын тескерисинче кара сөздөн баштап, кийинчерээк ырга өттү. Анын өзүнчө себептери бардыр.

Мен эми окурман катарында айтаарым; ырлар жыйнакка киргизилген ар түрдүү тематикадагы ырлар, адабий көркөмдүк деңгээли боюнча бүгүнкү күндөгү кыргыз поэзиясындагы алгылыктуу көрүнүштөрден — деп эсептөөгө толук негиз берет. Басма сөз беттеринен жарык көргөн «Бой жеткен кыздын арманы», «Аялдан чыккан акылман» терме ырлары көпчүлүк окурмандарды кайдыгер калтырган жок.

«Өзүмө ант» — деген ырында:

— Караны ак деп эптеп күн көргүчө,

акыйкаттын отуна өрттөнөйүн — деген сап-тай «Куйкам курушат», «Ой толгоо» аттуу ырларында турмуштагы накта чындыкты адилетсиздикти ачык айтат. Дээрлик ырла-рында курулай коздук, чакырык, жасал-малуулук, сылап-сыйпоо байкалбайт.

Кептин кыскасы автор айткандай «Жылч-ңайлак ырларга жык толгон» ырлар жый-накты окурмандарга тартуулап жатып, Аза-да эжеге ак жол, поэзиядагы алгачкы када-мыңыз арбыштуу болуп, арыбаңыз демек-чибиз.

**З. УРАИМОВА.**
**Кыргыз Жазуучулар Союзунун «Түш-түк» китеп Борбордунун жооптуу кызматкери.**

## БОЙ ЖЕТКЕН КЫЗДЫН АРМАНЫ.

Арманын бир жаш баланын,
Эфирден угуп каламын.
Атаны өтө айыптап,
Апанын алат тарабын.

Энелер ыйык дегенде,
Башымды жерге саламын,
Башкага сырым белгисиз,
Куурула түшөт заманым.

Көксөймүн мен да зарыгып,
Көрсөм деп эне жамалын.
Өз энем таштап кеткен соң,
Өзгөнү кайдан табамын.

Өзөгүм күйүп өксүүдөн,
Өңүмдөн азып барамын.
Үмүтүм үзбөй эрте-кеч,
Үңүлүп жолуң карадым.

Умсунуп коюп тим болом,
Угулбайт апа кабарың.
Тирүүлөй жетим аталып,
Тилегим катып жададым.

Жек көрүп кээде өзүңдү,
А кээде кайра самадым.

Түнөрөм кабак ачылбай,
Турса да күлүп заманым.

Акыры аргам түгөнүп,
Ушул ырымды жазып арнадым.
Жумуштап келсе атабыз,
Жазыла түшөт капабыз.

Тамагын коюп алдына,
Жарпын бир аз жазабыз.
Үшкүрсө тамак үстүндө,
Үңкүйүп ойго батабыз.

Кашыгын ийет ыргытып,
Кашайтып тентек Замириң,
Кайда деп биздин апабыз.
Атакем жооп айта албай,

Арманын бизден ката албай,
Көзүнө жашы ирмелсе,
Көрмөксөн болуп шашабыз,
Эр жетип уулуң чоңойсо,

Жообун сурап доо койсо,
Чындыкты кантип айтабыз.
Намыстан башы шылкыйса,
Күйүтүн не деп басабыз.

Азырча баарын жашырып,
Апаң, ооруу деп айтып жатабыз.
Эс тартып калган ортонуң,
Азыркы менин оң колум.

Түнкүсүн көзүн ирмебей,
Түнөрүп жатат Чолпонуң.

Сооротсом болбой шолоктойт,
Айта албай эмне болгонун.

Сагынтат окшойт аны да,
Саамайын сылап койгонуң.
Сезимди сүйүү уялап,
Селкилик назик жолдомун,

Сырдашаар кезим бой жетип,
Санааркап түркүн ойдомун.
Тагдырын ойлоп сиңдимдин,
Тентегим Замир инимдин,

Айламды таппай толгодум,
Баландан да ыйык болдубу,
Баш кошкон ошол ойронуң,
Муң-зарга бөлөп жашымдан,

Муңкантып мынча кордодуң.
Кудайга да жакпас апаке,
Какшатып бизди койгонуң.
Ушунча азап жедирбей,

Тирүүлөй жетим дедирбей,
Төрөбөй неге койбодуң.
Эсимде бирге болгон кез,
Бакытка үйүм толгон кез.

Божурашып баарыбыз,
Болчу эмес эле жаман сөз.
Чогула ичип тамакты,
Текшерип биздин сабакты.

Билбестен кайгы-капаны,
Тең сүйүп ата-апаны,

Жыргалдуу канча таң атты.
Биле албай калдык кай күнү

Сен таптың жаңы адатты.
Кечигип үйгө келишиң,
Атама заарың төгүшүң,
Чегинен чыгып баратты.

Айтылган ачуу сөздөрүң,
Акыры сени сабатты.
«Эркекче акча таппайт деп,
Кожоюндарга жакпайт» — деп,

«Чындыкты айтат чырылдап,
Чымырап тилин тартпайт» деп,
Адиресине атамдын,
Баштадың айтып жаман геп.

Жаңжалды салдың күн ара,
Алтындан сөйкө тагам деп,
Ээлигип улам бараттың,
Шакегин кошо алам деп.

Ынтымак-ырыс алыстап,
Хурусталь менен килем көп.
Сүйлөтө койбой атамды,
Сөөмөйүң кезеп көзүнө,

Сайрадың өзүм билем деп.
Сүймөнчүк иним Замирбек,
Толо элек болчу үчкө да,
Түнөгөн жоксуң биз менен,

Келбедиң күтсөк кечке да,
Бизге сыр болуп бүдөмүк,

Атакем жүрдү түнөрүп.
Биле албай эмне богонун,

Бир эле күндө жүдөдүк.
Биз калган кезде чоңоюп,
Карааның үйдөн жоголуп,
Караан түн түшүп кайгырдык,

Капилет сенден айрылдык.
Барги жок талдай сопоюп,
Мээримден калдык тонолуп,
Тагдырга көнбөй айла жок,

Турмушту аста онодук.
Кантсе да кээде апаке,
Кыйналап сени ойлонуп.
Атамды жерип чансаң да,

Ажырашууга барсаң да,
Мончоктой болгон үч перзент,
Кантип, бир эркектей жакын болбодук.
Канча ирет өрүк гүл төктү,

Канча акты арык суулары,
Арадан сенсиз өткөн жыл,
Арманга бизди уулады.
Атакем жалгыз биз үчөө,

Айласын таппай куурады.
Башкага башын кошууга,
Өгөйгө бизди кыйбады.
Замириң түндө ойгонуп,

Апамды тап деп зарласа,
Атакем кошо ыйлады.

Бир жактан Чолпон бышактап,
Өксүгүп жанды кыйнады.

Арманга толуп жүрөгүм.
Айтпаска аргам калбады,
Адатта деги бар беле,
Перзентин эне чанганы.

Төрөдүң беле сен бизди,
Азапка-муңга салганы,
Боздоймун апа жол карап.
Бозорот бирок сен тарап,

Жүрөбүз сени сагынып,
Жүрөгүң кантип туйбады.
Апасын көрсөм бирөөнүн,
Аргасыз караймын артынан,

Баласын өпсө жадырап,
Мыкчылып жүрөк калтырайм.
Коңшулар сенден сөз ачса,
Мелтиреп үнсүз жалдырайм.

Кашкайып ачык карабай,
Кымтынып, чүнчүп тартынам.
Корунчу болдум өзүмчө,
Классташтардан жалпыдан.

Энедей айкөл жок дешет,
Мээрими күндөй жаркыган.
Эр үчүн кечкен балдарын,
Дүйнөгө саткан өз жарын,

Чыкпасын сендей калкымдан,
Эс тартып калган убагым,

Атамдын сөзүн угамын.
Турмушта таап бактыңды,

Таалайлуу бол дейт чырагым.
«Энесин көрүп кызын ал», —
Дегенди да угат кулагым.
Энекем сендей болгон соң,

Эрге мен не деп чыгамын,
Чолпонуң да калды бой тартып,
Айласын кандай кыламын.
Зардабы өтүп турмуштун,

Зар болуп турган убагым,
Башкага атам үйлөнсө,
Чачпайбы үйдүн кунарын.
Андай болсо апаке,

Бетимди жашка жубармын.
Кайда экениң белгисиз,
Кабарың кимден сураймын.
Баласыз бактың гүгөлбү,

Канчага жетет чыдамың.
Жаздыкка жашым төгүлүп,
Жыйылбайт санаам сөгүлүп.
Жан сактап кантип жүрөсүң,

Тирүүлөй бизден бөлүнүп.
Эңсөөгө арга жок экен,
Энеке сени сагындык,
Бир келип кетчи көрүнүп,

Кулак сал апа сөзүнө.
Какшаган мендей балаңын.

Али да болсо кеч эмес,
Артыңды кылчак карагын.

А балким атам кечирер,
Биз менен болсо карааның.
Акыры сага угулса,
Зар какшап жазган саламым,

Айласын таап апаке,
Айтарсың бизге кабарың.

1989-жыл. Москва.

## ӨЗҮМӨ АНТ

Адилдикке баш ийип тепселейин,
Жамандыктан жан ачып жектелейин,
Касымдын татуу сөзүн уккан көрөк,
Досумдун ачуу сөзүн эп көрөйүн,

Жалгандын гүлзарында көктөбөйүн,
Жашоонун тегиз жолун көксөбөйүн.
Караны ак деп эптеп күн көргүчө,
Акыйкаттын отуна өрттөнөйүн.

Ак жерден куйгөнүмө өксүбөйүн,
Өмүрдү гүл ачкандай өткөрөйүн.
Байлыгым бир нан болсо тең жарымын,
Бөлүшүп башкаларга жеткирейин.

Жакшыга жаным чаап тартылайын,
Жаманды жаман дебей бар кылайын.

Жолума арам ойлуу торун жайса,
Чалынбай өтүп кетип лал кылайын,
Же мени бир көрүүгө зар кылайын.

1988-жыл.

## МЭЭРИМИМ АДАМДАРГА

Сезим гүлү соолуса арык кайда,
Жүрөк сыздап ооруса табып кайда.
Азап турса кишендеп бут бастырбай,
Абалыңды сурарга карып кайда.

Жалгыздык жанга батса достор кайда,
Жаздым болсоң жашоодо жоктоор кайда.
Күлүк аттай чыгаарда байге жиреп,
Кайрат берип сүрөөндө коштоор кайда.

Чарчаганда түз басар кадам кайда,
Түз басканда бут тосоор чабал кайда.
Чабал атайы чалганын байкай коюп,
Чаңың кагып тургузар адам кайда?

Күүгүм жапса көңүлдү таңы кайда,
Куса болсоң күлкүнүн шаңы кайда.
Кээде адамдар аябай аз убагын,
Абал сурап олтурар чагы кайда?

Шашып жашоо өмүрдү шашып жүрүп,
Иштеп калмай шашылып белиң бүгүп.

Бир сырдашып олтурар баарлашып,
Кайда деги турар кез мээрим төгүп?

1987-жыл. Кара-Суу.

## ӨМҮР—БУЛ КЕЛГЕН БИР КӨКТӨМ

Таң атса күнү батмай бар,
Күн батса таңы атмай бар.
Байлыгың толуп-ташса да,
Ай күндөн бүтүп жамалың,
Ааламга нурун чачса да,
Азиз баш бир күн куу болуп,
Жер түбүндө жатмай бар.

Оомал-төкмөл бул дүйнө,
Келмей бар да, кетмей бар.
Бир күнүнө сүйүнө,
Бир күнгө көз жаш төкмөй бар.
Шамчырак кылып үмүттү,
Кайратың жеңсе күйүттү,
Максатка адам жетмей бар.

Байлыкты жыйсаң мол кылып,
Булгөн күн барын унутпа.
Ыйласаң көз жаш көл кылып,
Күлгөн күн барын унутпа.
Жардыга колуң суна жүр,
Жетимге жардам кыла жүр,
Жетсе да башың булутка.

Келгенбиз бирдей жылаңач,
Кетебиз кайра бир жолдон.
Аз күнгө пенде болбо мас,
Кимдерди ажал жөн койгон.
Байлыгың ээрчип баралбас,
Мансабың алып калалбас,
Чым басып калар күндү ойлон.

Чиренип баскан жерине
Чынгызхан өткөн бул дүйнө.
Туу болуп турган элине,
Темирлан өткөн бул дүйнө.
Жалгызга оопа кылбаган,
Хандыгын сүрүп жыргаган.
Тейитхан өткөн бул дүйнө.

Падыша өткөн Хан өткөн,
Кылымда канча жан өткөн.
Кубаныч өткөн, зар өткөн.
Жаралгандын баары өткөн.
Каарыңды чачпа карыпка,
Катуу сөз айтпа зайыпка,
Өмүр—бул келген бир көктөм.

1991-жыл.

## ЗАМАНДАШКА БИР СӨЗ.

Бала келет жашоого муштум түйүп,
Бул аалам меники деп салып бүлүк.
Кетеринде алаканы ачык калат,
Энчисине бир аз гана ак бөз тийип.

Адамдыгым айтылып калсын десең,
Армандуунун көз жашын аарчып өткүн.
Ариеттин кызыл чогу жансын десең,
Арамдыктын миң башын жанчып өткүн.

Мансап деп, байлык деп жанын сабап,
Жашоонун кызыгына кыйгач карап.
Тирилик-кероокат деп чуркап жүрүп,
Бир күнүн пенде деген тынчып калат.

Токточу эй замандаш, ойлоп терең,
Жашоого устун болуп калмак белең?.
Кероокат-тирилигиң бүтмөк беле,
Тиктечи көз ирмемге сүйүү берем.

1985-жыл. Ош.

## ЭКИ АКЫН—ЭКИ АЛП

Ар качан кадырын бийик туткан акындарым.
Жолон аке менен Турар акеге багыштаймын.

Акын кетти, Адам кетти дүйнөдөн,
Ыйла калкым балаң кетти дүйнөдөн.
Жолон менен Турар кайып болгондо,
Жан жоктур-го ыйлабаган, күйбөгөн.

Кошкула асылдарым, акындарым,
Кайгылуу көңүлүмө жакындарым.
Жашоодо силерди туу туттум бирок,
Батынып өзүңөргө айталбадым.

Сапыргандай кырмандын кызылдарын,
Салмагы уюп калган ыр ырдадың.
Жолугуп кан жолунда бул жашоонун,
Жоголдуң кайып болуп кызырларым.

Удаа-удаа кеттиңер эгиз болуп,
Унутулбайт ырларың жемиш болуп.
Эстегенде эрте-кеч дуба кылам,
Турса деп жаткан жериң бейиш болуп,

Келген соң, кетмей бар да бул дүйнөдөн,
Андыктан көз жаш төгүп көп мөгдөбөйм,
Жатка айтат жумурай-журт жазгандарын,
Акын тирүү, демек Алптар өлбөгөн!

1991-жыл. Бишкек.

## ЖОЛОН МАМЫТОВДУ ТУУРАП

Бир байкасам, аалам турат чыңырып,
Кулагыма аччуу үнү угулуп,
Алай-дүлөй, чаң-бозомук айланам,
Жер огунан бараткандай жыгылып.

Бир байкасам Эне турат буркурап,
Сүткө толгон көкүрөгү зыркырап.
Ботосунан айрылгандай Бозинген.
Боздогону алыс-алыс угулат.

Бир байкасам бала ыйлайт чыркырап,
Айыпсыз жаш көздөрүнөн тыркырап.

Наристелер чырпыгында кыйылса,
Эртеңкини, келечекти ким курат?

Көрбөсөм деп көздөрүмдү жумамын,
Укпасам деп дүлөй болот кулагым.
Бул жүрөгүм согуп турса токтобой,
Канчагече жетээр экен чыдамым.

Прометейдей отту кармап колума,
Кайдыгерлик чок чачсам бейм өзүңө.
Кайыл болуп оңуңа да солуңа,
Кайдыгерлик ок атсам бейм көзүңө.

1990-жыл. Ош.

## ҮМҮТ

Өмүрдү өлчөө керек эмне менен,
Өкчөлүп өткөн күнгө суроо берем.
Өлчөмгө толчу кызмат өтөбөпмүн,
Бергенден алганым көп бул дүйнөдөн.

Жашоонун кең талаасын кезип келем,
Жүгү оор, кээде чарчоо сезип келем.
Жылмаюу уурутумдан улам кемип,
Жаштыктын жээгинен безип келем.

Ийнимди мөндүрүнө тосуп коюп,
Жаз айын өмүрүмдүн узатыпмын.
Көз жашым ызгаарга кошуп коюп
Аязына тоңупмун кусалыктын.

Күлкүнү карегиме түнөтпөстөн,
Кайгыга жашоомду ороптурмун.
Сезимим азгырбаган күн өтпөстөн,
Аңдабай акырындап короптурмун.

Өмүрдү ченөө керек эмне менен,
Өзүмчө эртеңиме суроо берем?
Көргөндөн көрөлегиң алдыда деп,
Сооротот оту өчпөгөн үмүт деген.

1986-жыл. Моңол.

## МЕНДЕГИ СУРОО

Куса болсом кубантып сүйөөрүм ким,
Кайгырсам көңүл улап күйөөрүм ким?
Жыгылсам капысынан жаза басып,
Жылмайып мыйыгынан күлөөрүм ким?

Өйдөгө умтулганда өбөгүм ким,
Жакын деп боор тартсам бөлөгүм ким?
Чарчасам бул жашоонун сокмогунда,
Чарпылып дарман болоор жөлөгүм ким?

Алсырасам арка болчу тирегим ким,
Асырап аздектөөчү түнөгүм ким?
Айыпка жыгып турса көрөалбаган,
Арача түшүп берчү зирегим ким?

Досумду душманымды иргеерим ким,
Күлгөндө ыйлаганым билгеним ким?

Ишенсем адамдарга дилимди ачып,
Оорутуп жүрөгүмдү кирдээрим ким?

Баалап, баркым билип байкаган ким,
Тазалыгым ылайы сууга чайкаган ким?
Оюмдун тизмектери күндөн-күнгө,
Суроо болуп ийилет бир эмес миң.

## КУЙКАМ КУРУШАТ.

Акыйкат бут астында тебеленсе,
Айыпсыз адам бөөдө жемеленсе.
Курушат менин куйкам анан дагы,
«Чала молдо дин бузарга» бийлик тийсе.

Жердештик-тууганчылык элди бөлсө,
Жеп-ичкич паракорлук өөрчүп-өнсө.
Курушат менин куйкам анан дагы,
Ою пас, бою бийик байге энсе.

Эл байлыгын сапырып үйлөгөндө,
Эки ооз эне тилин билбегенде,
Курушат менин куйкам анан дагы,
Эки кыргыз орусча сүйлөгөндө.

Нокто илип, кезек күтүп акайганга,
Ооз арчпай артып калган аппак нанга,
Теңирден суранарым жеткирсе экен,
Курушпай куйкам эрте сакайганга.

1990-жыл. Ош.

## ОЙ ТОЛГОО

Мекеним оор жүгүң алам дедик,
Сен үчүн ажалга да барам дедик.
Табыштап жаныбызды — каныбызды,
Өлгөндө бооруңда калам дедик.

Алтын деп таштарыңды—тоолоруңду,
Асманга тиреп жаздык зоолоруңду.
Макташты жадагалса кээ бирлери,
Кочкорсуз төлдөп турган койлоруңду.

Мекеним мен да сага оода жазам,
Айып этпе бал ордуна кум шыласам,
Арзуум акыйкаттан алыс кетпей,
Азыраак ак сөзүмдө чымчыласам.

Эрте кеч куйкаланып күн нуруна,
Бир нанды түйүп алып бел куруна.
Иштеген дыйканыңды мактабаймын,
Сүйүнгөн тапкан беш-он сом пулуна,
Анан да нанын малып түштөнүшөт,
Тамекинин дары чайган уу сууна.

Баш ийип башкарманын өктөмүнө,
Унчукпай бригадирдин сөккөнүнө,
Колунан нан жаратып, дан өндүрүп,
Антсе да күнөөкөрдөй өкмөтүңө,
Момурап жүргөнүнө туталанам,
Бекапар өмүрүнүн өткөнүнө.
Жүзүнөн жүз токсондон козуну алган,
Мелдеште социалисттик озуна алган.

Мактабайм баатыр деген чабаңыңды,
Башканын сыйлыгын да өзүнө алган,
Кээ бири ыйманына камчы чаппай,
Данкты да, орденди да сатып алган,
Эстүүсү эл алдында актана албай,
Аргасыз өзүн-өзү атып алган.
Санакта кошо коюп менчик коюн,
Кайра эле капшытына катып алган.

Сүт булагын жараткан жеңелерим,
Келип турат кээ бирин жемелегим.
Саан уюн кошуп алып туугандардын,
Кызыл жүзүң кубарбай план бердиң.
Былтыркыдан быйыл дагы көбөйтөм деп,
Жыйындарда убаданы улам бердиң.

Депутатка шайландың түп-түз эле,
Кара каштуу бото көз кээ бирлериң.
Эки ооз сөз айтсаң да кагаз карап,
Эсиңе келбей элден түшкөн талап,
Кээ бириң сессияга уктап барып, уктап
келдиң.

Ден-соолуктун сакчысы эмчилериң,
Эл байлыгын аларга энчиледиң,
Зээним кейип кетет карап туруп,
Дили кара ак халат кийчүлөрүн.
Ооруган ооруу жатса ооналактап,
Орондоп орой сөзү тийчүлөрүн,
Бар туруп колдорунда дары-дармек,
Бул бизде жок эле деп чийчүлөрүн.
Бар болсо куржунунда же колунда,

Бекитип жең учунан берчүлөрүн.
Сайбаган уколдорун сайды дешип,
Бербеген дарыларын алды дешип,
Беш өрдөгүн учуруп ийчүлөрүн.
Сөз кезеги кара алтын казгандарга,
Мекеним кендериңди ачкандарга.
Жашында өпкөсүнө кара ыш толуп,
Жер астында өңүнөн азгандарга.

Аттиң-ай айткан менен үнүм жетпейт,
Көмүлүп жер түбүндө жаткандарга.
Өмүргө тете кызмат өтөп туруп,
Өз кенин өзү арзан саткандарга.
Жумуш оор бирок да айлыгы аз,
Тилин тиштеп жүргөнгө муну айтканга.
Мекеним кантип түтөм, кантип чыдайм,
Баёлугу элимдин муңайтканга.

Мекеним көбөйсө деп сенин балаң,
Кара жаным карч уруп отко салам.
Экинк төрөгөн соң мээнет көрүп,
Боюнан алдырганды кандай кылам,
Курсакта кыймылдаган наристенин,
Кумсарбай колун жулган, бутун жулган.
Кыздарың кара таштай мерез болуп,
Төрөгөнүн көчөгө таштап тынган.

Ак сакалын жайкалткан карыларым,
Кай заманда кароосуз сыртта калган?
Тукумун кор кылбаган Ата-Бабам,
Азайып баратабы эркек Мырзаң.

1991-жыл.

## АЙРЫЛУУ АСАН МАГА

Кусанын сагынычтын кара чачы,
Өрүлбөй желаргыга сапырылды.
Жүз жууган көздөрүмдүн ыссык жашы,
Күрмөңдүн жакасына тамып турду.

Унчукпай улутунган демиң менен,
Өкүнүч же арманга толуп турдуң.
Жолукпайм сени менен деген элем,
Көз келип кайра сендик болуп турдум.

Чарпылып чабалактап, чачым жазып,
Келет-ов бул дүйнөдөн безип кетким,
Жашоого туш кылдың да бир ажайып,
Жанымда кала албай кете бердиң.

Чачтарым сапырылган жыйылбады,
Көз жашым мөлтүлдөгөн тыйылбады.
Айрылуу асан мага бу көрөктү,
Жолугуу азаптын эң кыйынраагы.

1985-жыл.

## КАЙРА ЖАҢЫРУУ

Бир сезим өзүңдөгү, өзүмдөгү,
Жалганбы сүйүү болуп сезилгени?
Жалбарбай намысты туу туткандыгым,
Жанымды жай алдырбай эзүүдөбү?

Баш кошпой бир өзүңдөй асыл жарга,
Бушайман болдум канча таппай айла.
Бурулбай анан сапар улап кеттим,
Башканы жолдош кылып тагдырыма.

Элесиң бирге болуп дайым жанда,
Эчкирип ыйлап коюп анда-санда.
Кербенин жалгыздыктын тартып калдым,
Көңүлүм ийибестен бөлөк жарга.

Кезиктиң капилеттен кай бир күнү,
Жаңырды өткөн күндүн жаштык үнү.
Жан дүйнөм жаштыгыма сүңүп кетип,
Арналды бир өзүңө кумар түнү.

Бирок да өмүрлүк жар боло албадым,
Жагынып көңүлүңө толо албадым.
А балким ачылышты менден күттүң,
Намысты тепсеп кадам коё албадым

1991-жыл.

## А БАЛКИМ...

**М... га**

Сен деген эчен жылдар оопат болуп,
Өмүрүмдү күтүүгө сайып коюп.
Арадан өттү жылдар аккан суудай,
Жашоом кээде кемип кээде толуп.

Жолугуп эмнегедир жашып турам,
Кайрадан кусалыкка батып турам.
Телмирем муң чайыган көздөрүңө,

Тек гана өзүң менен кеңеш курам.
Эмгектен бакыт таптың, мен да таптым,
Далайга сен да жактың мен да жактым.
Адашып уябызды таштап кеттик,
А балким менде болчу сенин бактың.
А балким... сенде эле менин бактым.

1988-жыл.

## СЕН ЖОКТО

А... га.

Эки жаздык катар коюлган,
Жакшы тилек жакшы оюмдан.
Бирин жатам өзүм жазданып,
Экинчиси кимге буюрган.

Катар жаздык бири бош калат,
Бир жаздыкка ыссык жаш тамат.
Бир төшөктүн жарымы жылуу,
Жарымында өксүү муң жатат.

Бир жаздыкка башым жазданып,
Буркураймын демим капталып.
Өзөгүмдү өрттөйт өксүүм,
Өзүң жаткан жаздык бош калып.

1991-жыл.

## ҮМҮТҮМСҮҢ

Ш... га.

Аялыңмын никем кыйбаган,
Арманымсың жаным кыйнаган.

Саратдыгын көрчү тагдырдын,
Жашооңо жолдош кылбаган.

Аялыңмын тоюм болбогон,
Азабымсың жүрөк толгогон,
Бир кемдигин көрчү дүйнөнүн,
Бир өзүңө буйруп койбогон.

Аялыңмын жанында болбос,
Өксүүмсүң өмүрүм толбос.
Күн кечтесе жолуң караймын,
Үмүтүмсүң жарыгы солбос.

1990-жыл.

## ӨТҮНҮЧ

Кыйналган жүрөгүмдү,
Эми сен эзбе жаным.
Уйкусуз түндөрүмдү
Арнадым сага баарын

Айтпастан арманымды,
Жүрөккө сыр сактадым.
Жабыркап калганымды,
Жашырып сага айтпадым.

Жүрөктө калды арман,
Чечилбей түйүндөрү.
Мага чын сага жалган,
Сезимдин күйүттөрү.

Айтайын ачык ойлорду.
Уйкуда жаткан унчукпай,
Умтулуп калкым ойгонду.
Урпактар кантип кечирмек,
Унутуп далай койгонду.
Толкубай кандай турайын,
Тогоштуруп курайын.
Таазим менен куттуктайм,
Тоомдо ушул чоң тойду.
Уламыш эмес акыйкат,
Улуу тарых баяндайт.
Бел чечпеген бекке тең,
Аялдан Датка болгонду.
Турмушун ойлоп элимдин,
Падышаага кат жазган.
Тагдырын чечип жеримдин,
Анжиян менен катташкан.
Надыра Бегим акындын,
Ырларын окуп чер жазган.
Шабданды күтүп Кеминден,
Орду менен сөз тапкан.
Ордодо далай Бектерден,
Аялдан жалгыз бир Даткам.
Жарашат бүгүн жүз мактап,
Жарданган журтка канча айтсам.
Даткага Датка жар болгон,
Душманга тике ар болгон.
Курманжан Датка энебиз,
Акылга мол шар болгон.
Үлгүсүн алган эненин,
Үркүтүп айтты дебегин,
Сүймөнчүк уулу Камчынын,

Намысы аркан дар болгон.
Сөздүн баркын сактаган,
Сөгүнүп орой айтпаган.
Сөөгү таза асылзаат,
Даанышманы көп үчүн,
Кылымдар кыргыз бар болгон.
Тууганга орой айтпаган,
Калтаңдап бөөдө шашпаган,
Капшыттан какшык айтканды,
Туура сөз менен маттаган.
Жакшысын сыйлап элинин,
Жайлоону таза сактаган.
Жапалак кызы болсо да,
Алайды сүйүп мактаган.
Күйөөгө тике карабай,
Кадырын эрдин барктаган.
Ханыша болуп турганда,
Калк мүдөөсүн актаган,
Азыркы аял келин-кыз,
Үлгү алгын Энем Даткадан.

1991-жыл.

## ТУУЛГАН ЖЕРДИН КЕРЕМЕТИ.

Көк суусу таза-тунук, керемет жер
аздектүүм,
Туулган жерим ыйыгым, бүтпөс күүм.
Суктантып сулуулугуң тартып мени,
Артылып барат сага улам сүйүүм.

Эң кымбат тоолоруң да, таштарың да,
Сырдашам турмуш сырын ачканымда.
Элестейт эчак калган балалыгым,
Жан жыргайт, жылаңайлак басканымда.

Энемдей ыйык-кымбат сенин демиң,
Кагылып кетем сенден туулган жерим.
Өзүңө тамчы болсо бактылуумун,
Өмүрдө мен өтөгөн ак эмгегим.

## ҮЙҮҢҮЗГӨ БОЛОМ ШАМ

Өткөнүмдү эске салбастан,
Өктөм сүйлөп өчүн албастан.
Өксүтпөстөн ардактасаңыз,
Өлгүчөктү сизге болом шам.

Кыйкым таппай баскан—тургандан,
Кызганбастан достон — душмандан.
Кечиримдүү болуп койсоңуз,
Кыяматтык болом сизге шам.

Кыялыма кишен салбастан,
Көңүлдөргө шекти албастан.
Кең пейилдүү кенен болсоңуз,
Күн өткүчө болом сизге шам.

Үмүтүмдү сизге арнасам,
Үйүр тартып сизге жандасам.
Үшкүрбөңүз ушак гептерге,
Үйүңүзгө болом жанган шам.

## КЫРГЫЗЫМДЫН МЫРЗАСЫ.

Ат жалында шамалдай ойнобосо,
Ала-Тоого жүрөгү толгобосо,
Ата-Журттун эртеңин ойлобосо,
Андай жигит Мырзасымес элимдин.

Кылыч болуп душманга чабылбаса,
Сен дегенге селдей каптап агылбаса,
Жерин коргоп жарагын тагынбаса,
Андай жигит Мырзасымес элимдин.

Бабалардын салтына багынбаса,
Кырк чилтенге сыйынып, жалынбаса,
Имерилип тоолорун сагынбаса,
Андай жигит Мырзасымес элимдин.

Калпак кийип башына эрденбесе,
Калк ишине билек түрүп шерденбесе,
Жети атасын сурасаң билбейм десе,
Андай жигит Мырзасымес элимдин.

Чертмек чертип, обон созуп ырдабаса,
Адал менен арамды ылгабаса,
Ата сөзүн баш ийип тыңдабаса,
Андай жигит Мырзасымес элимдин

Кыздарынын намысын коргобосо,
Абийир үчүн чеп болуп орнобосо,
Энесинин көз жашын ойлобосо,
Андай жигит Мырзасымес элимдин.

Аялынын айтканынан чыгалбаса,
Камчы сабын колуна туталбаса,
Акыйкаттын аччуу үнүн угалбаса,
Андай жигит Мырзасымес элимдин.

Бири сымал көктө толгон жылдыздын,
Бири өңдүү сууда сүзгөн кундуздун,
Көп ичинде баш калкалап күн көрсө,
Андай жигит Мырзасымес кыргыздын

## СИЗГЕ...

Сизге сыйым, сизге урматым,
Үмүтүм да сизде кымбатым.
Жан адамга кыйбас ырымды,
Сизге ыраа көрүп ырдадым.

Сизге арнадым далай түнүмдү,
Түнүм эмес күндүзкүнүмдү.
Тагдырымдын буйругу экен,
Сизге багыштады сүйүүмдү.

Отко ороп муздак кезимди,
Сизден ыссык илеп сезилди.
Сизге арнадым иргеп Мырзадан,
Сактап жүргөн ыйык сезимди.

Табыштадым сизге баарысын,
Сиз таптыңыз жүрөк дарысын.
Сизге буйруп менин никемди,
Сөздөрүмдү кызыр даарысын,

Ачуу белем жашоо чындыгы,
Сабырымды сезим кыйдыбы.
Кадыр түнүм сизге арналды,
Ашыктыгым мажбур кылдыбы.

Рам кылды не мени өзүнө,
Бек ишентти айткан сөзүнө,
Экиленбей эркимди бердим,
Колду шилтеп өткөн кезиме.

Суук көздөн бизди сактасын,
Суук сөздөн бизди сактасын.
Үнүмдү угуп улуу Теңирим,
Үмүтүмдү бул жолу актасын.

## КЫЗЫЛ-СУУЛУК КЫРГЫЗДАРГА.

Тамыры терең чынардай,
Таркаган жер шаарына.
Таншысам ырдап улардай.
Жетеби үнүм баарыңа.

Чачылып кеткен жыйылбай,
Түнкүсү көктө жылдыздай,
Табышпай жүргөн кылымдай,
Улут бар бекен кыргыздай.

Турпандагы Кызыл-Суу,
Боорум кыргыз жердеген.
Улутуң бирдей болсо да,
Узакта калган эл белең.

Дарегин кеткен угузбай,
Кабарлаш болуп турушпай.
Жаралуу жүрдүк далайга,
Жардамга колду сунушпай.

Кызыл-Сууда Турпанда,
Жашайсың боорум кыргызым.
Кабарың сурайм ким барса,
Кандай деп акыбал-турмушуң.

Көкүрөк толо дарт болуп,
Каректи ирмеп жаш толуп.
Боорубуз толгоп турса да,
Бэдарек жүрдүк жат болуп.

Бөлсө да бизди аралык,
Боорум бирге сен менен.
Кайда да жүрсөң жай алып,
Эсен бол кыргыз эл деген.

## СООРОТУУ.

Арык чаап, жерди айдаган,
Дан жетилтип, нан даярдаган.
Дыйкандарга жардам эталбай,
Амалсызмын абдан арданам.

Уул көрүп, кызды тапкандар,
Келечекке үрөөн чачкандар.
Оорунду колдон алалбай,
Сөздөн бөлөк кандай аргам бар.

Пахта өстүрүп кийим бергендер,
Тамеки эгип зыян көргөндөр.
Дилим менен туюп турсам да,
Сөзүм менен болбойм кеменгер.

Заман балким колдо бардыкы.
Бийлик балким ичи тардыкы.
Карапайым калкым түшүнсө.
Өзгөрүлөр мунун бардыгы.

Накыл сөздү укпай карыдан,
Дарек таппай тарых сабынан.
Көңүл чөгүп арып турамын,
Жарды болуп, өтө жардыдан.

Күн да өтөр карек талыган,
Мезгил өтөр үмүт карыган.
Аким- чоңдор жолун таппаса.
Аян келер кызырларыман.

## МАГА КЫМБАТ.

Мен үчүн акчанын баасы жок,
Отун ал, күкүрт жаксаң жанып кетет.
Мен үчүн гилем—мал да дүйнө эмес,
Сел каптаса баарысын алып кетет.

Заңгырап турган үй да кымбат эмес,
Катуурак жер тербесе түшүп калат.
Мен үчүн эң кымбаты адам дили,
Бир ооз суук сөздөн үшүп калат.

Мен үчүн бийлик дагы кымбат эмес,
Жаш жетсе, жашыраагы алып кетет.
Мен үчүн эң кымбаты адам дили,
Айтылган ачуу сөздөн зилдеп өтөт.

Мен үчүн ден-соолук да кымбат эмес,
Соо туруп кокустуктан ажал жетет.
Бир кылым жашасам да өмүр эмес,
А өмүр көз ирмемде жанып өтөт.

Мен үчүн уулум деле кымбат эмес,
Үйлөнсө аял көзүн карап кетет.
Жашоодо ар-бир саат кымбат мага,
Жүрөалсам калкым үчүн кызмат өтөп.

Мен үчүн кызым деле кымбат эмес.
Бой жетсе бөтөн жерди жердеп кетет.
Кызматыма тараза кадырман эл,
А балким чыгармамды бир эскерет.

Мен үчүн уйку деле ширин эмес,
Түбөлүк уктап жатчу күн да келет.
Элимде эгер калса менден элес,
Жашоого миң жаралып келем демек.

## КЫРГЫЗГА НАМЫСТЫН КЕРЕГИ НЕ

### (Какшык)

Кыргызга комузуңдун кереги не,
Түшүнбөсө, күүсүн укса жөн эле.

Шайлолордо добушуңдун керети не,
Тууганы үчүн бирин жыкса жөн эле.

Ырысбайдын, Түгөлбайдын керети не,
Акча үчүн Бек ырдаса жөн эле.
Адыр аска баркына жетмек беле,
Аркар эмес кой жыргаса жөн эле.

Кыргызга кыргыздын керети не,
Кыр-кырларда тозуп жүрсө жөн эле.
Бирин-бири кордогон эл, эл беле,
«Ак кемени» чөктүрүшсө жөн эле.

Кыргызга кыргыз тилдин керети не,
Эки кыргыз башка тилде сүйлөсө.
Кыргызга ширенкенин керети не,
Очогунда отту бөтөн үйлөсө.

Кыргызга чыгармаңдын керети не,
Доронбайлар тилемчилик кылбаса.
Кыргызга намысыңдын керети не,
Калкың үчүн бөлөк-бөтөн ыйласа.

Кыргызга бийликтин керети не,
Уруу-уруу жол талашса жөн эле.
Ошол улут намысты жеңмек беле,
Миңген аты куп жарашса жөн эле.

I

Эркелеп көзүм сүйүп телмиргенде,
Тамаша сөз ыргытып күлдүргөндө.
Жоопсуз калган сүйүүм дем бергенде,
Махабатты соттобо күнөөлөбө.

II

Талпынып караанында бир көргөнгө,
Таппастан сыздап көңүл миң күйгөндө.
Капыстан жолукканда бир жүргөндө,
Соттобо Махабатты күнөөлөбө.

III

Кумарлуу сени тиктеп олтурганда,
Күлкүңө арбалганда кулпурганда,
Кайылмын утканыма-уттурганга,
Сураарым Махабатты шылдың кылба.

1992-жыл.

## КҮНӨӨ ДЕБЕЙМ.

Сен келбесең таңдын азап атмагы,
Кашаң тартып ырларымдын саптары.
Карааныңа зарыктырдың эрте-кеч,
Көңүл сүйүп, жүрөгүмдүн тапканы.

Сен келбесең ар-бир саат кейиштүү,
Сен бар кезде бүтпөгөн иш жеңиштүү.
Өзөктөгү өксүү калат унутта,
Өзүң менен өмүр сыйлуу, бейиштүү.

Сен келбесең ооруп калат көңүлүм,
Бир кунарсыз беймаза бул өмүрүм.
Сезимимди каптайт албуут шектенүү,
Сүрүштүрбөй чындыгын же төгүнүн.

Арзып, күтүп келбей калсаң сагынуу,
Айып дебейм сүйүүмө багынуу.

Намыс үнүн укпай коюп бир жолу,
Күнөө бекен Махабаттан жаңылуу.

1982 жыл. Ош шаары.

Жүрөк онтойт, айтылбастан көп сөздөр,
Ойдон сызат, бирге өткөргөн ал кездер.
Жолукканда жер караймын буулугуп,
Жалын чачат, күйүт чачат бул көздөр.

Өмүр өтөт, жашоо жалын камчылап,
Сезимдерде сен деген ой жанчылат.
Сөздөрүңдө сагынычтан кабар жок,
Ачуу чыгат, меңде өчүң барчылап.

Шамшар мүнөз, шаркыраган кезиңди,
Самап жүрүп, жүрөк эчен эзилди.
Буурул чачтуу, буудан сындуу жан курбум,
Бүгүн неге илебиң муз сезилди.

Ай-жылдар бөлүп кетти арабызды,
Биз эми жолугушпай калабызбы.
Же тагдыр марттык кылып экөөбүзгө,
Жоготкон сүйүүбүздү табабызбы.

Жүрөктү түпсүз санаа курчап алып,
Жыл өтсө эңсейм сени кусаланып.
Азыр да олтурамын ойго батып,
Бир түшкөн сүрөтүңдү колума алып.

Үзүлбөй узун жиби кыялымдын,
Көз жашым сүрөтүңө тып-тып тамат.
Жазмышы ушул беле тагдырымдын,
Сүрөтүң сырдаша албайт атаганат.

1990-жыл.

## ЫРДА СЕЗИМИМ, ЫРДА

Ырда, ырда муза толгон сезимим,
Ырга айлансын сагынычтан эзилүүм.
Ырым менен ынагымды кыдырып,
Эңсөөмдө кайталанат кезигүүм.

Тагдыр жолу эки башка бет алган,
Тирүүлүктө жолуга албайм, жете албайм,
Бир кездеги баалабаган сүйүүм,
Бүгүн сенден өзүм алыс кете албайм.

Ырда, ырда тынч албаган жүрөгүм,
Ырга айлансын ынтызарлуу түгөйүм,
Ырларымдын кайрыгында кусалык,
Сыздап самайт сүйгөнүмдүн дарегин.

## ӨЧҮРБӨЙ ЖАТАМ ТҮНДӨ ЧЫРАГЫМДЫ

Кайыл болуп короткон убагыма,
Качан келсең кабыл алып турарыма.
Келемин жалгыз сүрүп өмүрүмдү,
Ишендирип күтүүгө чыдаарыма.

Караңгыда жол таппай калганыңда.
Шам болуп жангым бар маңдайыңда.
Жашоону ачуу деп чанып койсоң,
Бал болуп ээригим бар таңдайыңда.

Уйкусуз өткөрүп көп убагымды,
Эшикке тосуп коюп кулагымды.
Адашып кокус издеп жүрбөсүн деп,
Өчүрбөй жатам түндө чырагымды.

**1992-жыл. Ош шаары.**

## КАЙТЫП БЕРСЕҢ БОЛГОНУ

Жашырбастан сыр айтылды ойдогу,
Жараланган жүрөк сыздап, толгоду
Жабыр тарттым жообу жок сүйүүдөн,
Жөн күнүмдү кайрып берсең болгону.

Биздин сүйүү уланбады, болбоду,
Бөөдө кыйнап сезимиме орноду.
Билбептирмин махабаттын азабын.
Бейпил күнүм кайрып берсең болгону.

Жаралуудай жүрөгүмдүн борбору,
Жанган оту сүйүүмдүн сонбоду.
Тагдырыма наалат айтып ыйлабайм.
Тынч күнүмдү кайрып берсең болгону.

Чыдамымдын толуп барат чордону.
Чаң жугузбай бардыгынан коргонуу.
Сезимиңдин ойгонбосун уйкусу,
Сүйүүмдү кайтып берсең болгону.

Кайырчыдай колун сунган жолдогу,
Кайтып бер дейм сүйүүмдү болгону.
Багытынан өзгөрбөгөн жүрөктө,
Болбойт тура буйрук менен ойгонуу.

1990-жыл. Моңол айылы.

## СҮЙҮҮМДҮ ЫРГА ОРОДУМ

Күтүүнүн, сагынычтын кара чачы,
Өрүлбөй тарамдары сапырылат.
Сүйүүнүн балы толгон, аппак чыны
Бөксөрбөй мелт -калт бойдон толо турат.

Үрөнү жүрөгүмдө сүйүү сепкен,
Өксүүнүн жалынына күйүп барат.
Күндөрү өмүрүмдүн сенсиз өткөн,
Сагынтып арылбаган азап салат.

Көктөгү түрмөктөлгөн булуттардай,
Түйшүктүн оор жүгү калды менде.
Түндөр-чү унутулбай бирге тоскон,
Түнөтөт ак шооласын сезимиме.

Кыйылып өзүң жакка улам-улам,
«Келет» деп көңүл улап үмүт кылам.
Чачымды кыроо басты, сезимде күз,
Сүйүүмдү ырыма ороп сунам.

**1992-жыл. Ош шаары.**

## БИР ЗАМАНДАШКА

Бир кезде мени жакын жандадың да,
Мактадың мамилеңе алдадың да.
А кийин кабар алып кайрылбадың,
Ушактын ортосунда калганымда.

Эл жашап, эмгек жашап ойлорумда,
Өмүрдү элге арнап койгонумда.
Жаңылдым жаза басып жашоо жолун,
Же сүйөп, жардам кылып койбодуң да.

Жылдыз сымал эмгекте жанганымда,
«Жылт» этип кийин өчүп калганымда.
Жакшылыкта жанымда бирге жүрүп,
Жанжолдош боло албадың арманымда.

Байлыгың, мансабың да колдун кири,
Жашоого устун болбойт адам бири.
Башыбыз көктү тиреп турса дагы,
Бут жерде парз эмеспи бирдей жүрүү.

Бул дүйнө сенден калат, менден калат,
Өзгөрбөй жүрсөк кана атаганат.
Көз жумсак кимдин деги ким экенин,
Артында калган эли баалап алат.

**1983-жыл ОШ.**

## МАЗМУНУ


Баш сөз
Бой жеткен кыздын арманы
Өзүмө ант
Мээримим адамдарга
Өмүр — бул келген бир көктөм
Замандашка бир сөз
Эки акын — эки алп
Жолон Мамытовду туурап
Үмүт
Мендеги суроо
Куйкам курушат
Ой толгоо
Айрылуу асан мага
Кайра жаңыруу
А балким (М...га).
Сен жокто (А...га)
Үмүтүмсүң
Өтүнүч
Уулум Султанга
Аманыңды тилеймин
Тилегим
Аялдан чыккан акылман
Туулган жердин керемети
Үйүңүзгө болом шам
Кыргызымдын мырзасы
Сизге...
Кызыл-Суулук кыргыздарга
Соротуу
Мага кыбат
Кыргызга намыстын кереги не
Махабатты соттобо, күнөөлөбө
Күнөө дебейм
Жүрөк ойнойт,
Ырда сезим, ырда
Өчүрбөй жатам түндө чырагымды
Кайтып берсең болгону
Сүйүүмдү ырга ороду
Бир замандашка